# 1-секция. ЖОЖдор жана орто окуу жайларындагы инновациялык технологиялар

**УДК 37.091.33**

***Байгозуева Н.*** *- окутуучу,* ***Балыбаева Ш.***

## *Өздүк иш кагаздарын окутууда Б.Блумдун таксономиясын колдонуу*

Билим берүүдө Б.Блумдун таксономиясын колдонуу аркылуу студенттин же окуучунун өздөштүрө турган материалды так түшүнүп, кайрадан өзү анализ берип, өзү жыйынтык чыгаруу деңгээлине жетиши мугалим үчүн өтө маанилүү.

Сабак өтүүдө Б. Блумдун таксономиясын пайдалануу жемиштүү да, натыйжалуу да болот. Бирок айрым учурларда сабакты Б.Блумдун ой жүгүртүүнүн тепкичтеринин табиятын түшүнбөй туруп, аны пайдаланып, каалаган теманы өтүү сабактын деңгээлин төмөндөтөт, студент же окуучу өздөштүрө турган материалды чаржайыт түшүнүшү мүмкүн. Ошондуктан ар бир сабакты өтүү мугалим үчүн чоң жоопкерчилик катары эсептелиниши керек.

Биз сабактын натыйжалуулугун арттыруу максатында Б.Блумдун ойлоо деңгээлинин негизинде өздүк иш кагаздарын төмөндөгүдөй тартипте колдондук.

**Сабактын максаты:** Өздүк иш кагаздары жөнүндө түшүнүк алышат, алардын үлгүлөрүн жаза алышат.

**Сабактын жабдылышы**: тексттер, ватман, маркер.

| Тапшырмалар | Критерийлер |
|---|---|
| 1. Өздүк иш кагаздары боюнча текстти Инсерт аркылуу окуп чыгышат.<br>2. Арыз менен түшүнүк кат боюнча Венндин диаграммасын түзүшөт.<br>3. Өздүк иш кагаздарынын реквизиттерин жайгаштырууну үйрөнүшөт.<br>4. Иш кагаздарынын тилдик өзгөчөлүгүн аныкташат.<br>5. Иш кагаздарынын үлгүлөрүн даярдашат. | - Өздүк иш кагаздарынын кандай мамилелерди тейлей тургандыгын түшүндүрө алса;<br>-Арыздын реквизиттерин түзө алса;<br>- Арыздын түрлөрүн өздөштүрө алса;<br>-Арызды иш жүргүзүүдө колдоно алса;<br>-Жарыя менен кулактандырууну даярдоодогу тилдик өзгөчөлүктөрдү айырмалай алса;<br>-Дарек жазып, жөнөтүүнү билсе;<br>-Тил каттын үлгүлөрүн жаза алса, анын кызматтык маанисин түшүнсө;<br>- Түшүнүк каттын түрлөрүн мисалдар менен жаза алса;<br>- Өмүр баяндын хронологиялык тартибин сактап жаза алса;<br>-Чакыруунун үлгүсүн даярдай алса. |

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу**

Интерактивдүү оюн: Сөз улоо

Адегенде мугалимдин же студенттердин сунушу менен тема тандалат. Студенттер катары менен темага байланыштуу болгон сөздү, сөз айкашын, же фраза айтышат.

Улам кийинкиси өзүнөн мурунку айтылган сөздөрдү ирети менен эсине тутуп, ага өзү да бир сөздү, же сөз айкашын кошуп отурат. Натыйжада, студенттердин саны отуз болсо, акыркысы отуз сөздү ирети менен айтып чыгуусу керек. Адашкан, же чынжырды бузган студент оюндан чыгат.

**2. Эске тутуу**

Өздүк иш кагаздарын жарандар өздөрү даярдап, алар жарандар менен жарандардын, же жарандар менен мекемелердин ортосундагы түрдүү укуктук мамилелерди тейлейт.

Өздүк иш кагаздарга арыз, дарек, жарыя, кулактандыруу, тил кат, түшүнүк кат, чакыруу, өмүр баян сыяктуу иш кагаздары кирет.

**3. Колдонуу**

Окуучуларга тема берилет жана тема боюнча үч-беш мүнөттүн ичинде билген же билем деп эсептеген нерселеринин бардыгын өз алдынча жазып чыгышат. Алар туурабы же туура эмеспи, эч кандай мааниге ээ болбойт. Ошондуктан көбүрөөк жазууга аракет кылуу керек. Жазып бүткөндөн кийин, аларды түгөйлөрү менен талкуулашып, бири-биринен толуктап жазышат. Топтун мүчөлөрү талкуу бүткөндөн кийин аткарган иштери тууралуу ой бөлүшүп, аларды окуп беришет. Алар доскага жазылат. Андан кийин бул тема боюнча текст таркатылат. Окуучулар ал тексттерди окуп жатып туштарына төмөнкү белгилерди коюп кетишет:

“V” – муну билем

“+” – жаңы билдим

“ – “ – окугандарым билгендериме карама-каршы

“?” – муну түшүнгөн жокмун.

Ар бир сапты белгилей берүүнүн деле кереги жок. Окуучулар бул белгилердин жардамы менен өздөрүнүн маалыматтуулук деңгээлин чагылдырышат. Акырында келип, ар бир абзацка бир же эки белги туура келет. Мындан азыраак же көбүрөөк болушу мүмкүн. Текст окулуп, белгилери коюлгандан кийин түгөйлөрү менен талкуулашат.

- Кандай жаңы маалыматтар кездешти?
- Кайсылары өз билгениңерге карама-каршы болду?
- Кандай суроолор пайда болду?
- Кызыктуу маалыматтар болдубу?

Талкуулап бүткөн соң, текстти дагы бир жолу окуп, койгон белгилерин карап чыгышат жана ал белгилерди пайдаланып, таблица түзүп, ага тексттеги белгиленген сүйлөмдөрдү кыскача жазуу менен толукташат. “?” белгилерине башкалардан суроо аркылуу жооп алышат.

**Текст**

Мекеме жетекчисине ошол же башка уюмдун мүчөлөрү же жарандар сураныч, сунуш, арыздануу мазмунунда жазган расмий иш кагаз – арыз. Ал иш жүргүзүүдө өтө кеңири колдонулат. Жарандардын кайсы бир жетекчиге карата арыздануулары, даттануулары сөзсүз арыз аркылуу гана расмий күчкө ээ болот. Ошондо гана жетекчи мекеме кызматкерлеринин же башка жарандын арызына сөзсүз жооп берүүгө милдеттүү болот.

Адам ишмердигинде арыздын көптөгөн түрлөрү колдонулат. Бирок айрым арыздардын түрүн кошпогондо, алардын дээрлик бардыгы бирдей реквизиттерге ээ.

***Жалал-Абад областынын губернатору***
***А.Турсункуловго***

***Сузак районундагы Ырыс айыл өкмөтүнүн тургундарынан***

***А Р Ы З***

Биздин айылда төрт жүздөн ашык үй-бүлө жашайт. Булардын үчтөн экиси көп балалуу үй-бүлөлөр. Бирок кыштагыбызда жалпы билим берүүчү орто мектеп жок. 9-классты бүтүргөн балдарыбыз алыскы жердеги башка мектепке барып окушат. Жол алыс болгондуктан, балдар өтө кыйналууда. Ошондуктан эки айылдын арасынан алыстыгын эске алып, кыштакка орто мектептин имаратын курууга жардам берүүңүздү сурайбыз. Биздин кыштактын эли буга жардам берүүгө, ашар жолу менен ишти бүткөрүүгө даяр.

12.03.12 (колу) (аты-жөнү:)

1.

2.

Жогоруда топтук арыздын үлгүсү болду. (Өздүк иш кагаздарынын калган түрлөрү боюнча текст таратылат).

4. Талдоо

- Арыздын түрлөрүн эмнеге ылайык пайдаланабыз?
- Арыздын кандай түрлөрү бар?
- Тил кат кайсы учурда жазылат?
- Жарыя менен кулактандыруунун мааниси кандай?

6. Баалоо

"Өздүк иш кагаздарын турмушта колдонуунун орду" деген темада чакан эссе жазгыла.

7. Чыгармачылык

1. Өздүк иш кагаздары боюнча кроссворд түзгүлө.
2. Өздүк иш кагаздарынын тилдик өзгөчөлүктөрүн аныктагыла.
3. Иш кагаздарынын үлгүлөрүн адистигиңерге ылайыктап даярдагыла.

Жогоруда биз өздүк иш кагаздарын Б.Блумдун ой жүгүртүү деңгээлдерин колдонуп өткөн сабактын кыскача үлгүсүн бердик.

Бүгүнкү күндө сабак өтүүдө Б.Блумдун ой жүгүртүү деңгээлдерин өз орду менен пайдалануу жакшы натыйжаларды берери шексиз.

***Адабияттар***


1. *Акунова А.Р., Чокошева Б.С.* Кыргыз тилинин практикалык курсу. I, II бөлүм. Бишкек, 2012.
2. *Ахматов Т., Аширбаев Т.* Иш кагаздары мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. Бишкек, 2001.
3. *Бекбоев И., Алимбеков А.* Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Бишкек, 2011.
4. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. ( USAID). Бишкек, 2011.